КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл.

чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# АТАЙЫН МААЛЫМАТ

## (Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002752 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 11-июль күнү, Ош ШИИБнын Сулайман-Тоо МБнун нөөмөт бөлүмүнө кабар келип түшкөн, анда Ош шаарынын Р.Абдыкадыров кочосундо орун алган №12 кесиптик лицейиндеги №5902 шайлоо участкасынын жанында белгисиз атуул колунда шайлоочулардын тизмеси бар ак кагаз которуп жургондугун [redacted] сандуу уюлдук телефон аркылуу белгисиз атуул кабар берген.

Бул маалымат ошол эле замат Ош шаардык ИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн МЭЖна 02-091-2021-002752 саны менен катталган.

Окуя болгон жерге ыкчам тергөө тобу барып, сурамжылоо иштерин жүргүзгөн учурда Ош шаарынын Р.Абдыкадыров көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган [redacted] өзүнүн түшүнүгүндө, 2021-жылдын 11-июль күнү өтүп жаткан Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоодо “Улуттар Биримдик” саясий партиясынын атынан үгүттөөчү болуп иштегендигин жана шайлоо күнү Ош шаарынын Р.Абдыкадыров көчөсүндө орун алган №12 кесиптик лицейиндеги №5902 шайлоо участогуна шайлоого катышууга барып, лицейдин алдында турган учурда анын колундагы ак кагазды көрүп милиция кызматкерлери келгендигин билдирген. Милиция кызматкерлери келгенге чейин чөнтөгүндөгү бирөөнүн телефон номери жазылган кагазды алайын деп адашып тизме жазылган кагазды алып алгандыгын кошумчалаган.

Текшерүү иштеринин жыйынтыгы менен топтолгон материал 11.07.2021-жылы 16/3/2005 саны менен чыгышталып “Улуттар Биримдиги” саясий партиясынын агитатору [redacted] кыймыл аракетине Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 42-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн Ош шаардык АШКга жиберилген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги

**А.Раимбердиев**